DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2021

*Нуркулова Н.М., Чолпонбаева С.*

# МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕРДИН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

*Нуркулова Н.М., Чолпонбаева С.*

# ПРАВОВЫЕ ОСНОВЫ ГОСУДАРСТВЕННОГО И МЕСТНЫХ БЮДЖЕТОВ

*N. Nurkulova, S. Cholponbaeva*

# LEGAL BASES OF STATE AND LOCAL BUDGETS

*УДК: 342.9/351*

*Бул илимий макалада бюджеттердин кирешелерин түзүү жана чыгашаларды жүзөгө ашыруу, мамлекеттик жана муниципалдык карызга алууларды жүзөгө ашыруу, мамлекеттик жана муниципалдык карызды жөнгө салуу процессинде келип чыгуучу мамилелер каралды. Максаты: бюджеттердин долбоорлорун түзүү, кароо, бюджеттерди бекитүү, тактоо жана бюджеттерди аткаруу, алардын аткарылышын көзөмөлдөөнү, эсепке алууну жүргүзүү. Предмети: бюджеттик отчеттуулукту түзүү, кароо жана бюджеттик отчеттуулукту бекитүү процессинде бюджеттик процесстин катышуучуларынын ортосунда келип чыгуучу мамилелерин кароо. Усулу: мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттер мамлекет тарабынан ар кандай усулдар менен жүргүзүлөт. Анын натыйжасында мамлекетке түшкөн акча каражатын көзөмөлдөйт. Натыйжалары: илимий макаланын жыйынтыгында юриспруденция багытында билим алып жаткан студенттерге мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттердин укуктук негиздери боюнча илимий түшүнүктөрдү берүү. Илим жана практика үчүн сунуштар – мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттердин укуктук негиздери боюнча юридикалык, экономикалык, салык жана салык салуу, кредиттик жөнгө салуу, банк иши жана башка окуу жайларда билим алып жаткан студенттер теорияда жана практикада колдонушат.*

***Негизги сөздөр:*** *бюджет, сектор, каржы, укук, экономика, фонд, классификация, функционалдык, ведомство, программа.*

*В этой статье рассматривается реализация бюджетных доходов и расходов, государственного и муниципального долга, закупок, реализации, а также отношения, возникающие в процессе регулирования государственного и муниципального долга. Цель: рассмотрение отношений, возникающих между участниками бюджетного процесса в процессе формирования и рассмотрения проектов бюджетов, утверждения, уточнения и исполнения бюджетов, контроля за их исполнением, ведения учета, составления, рассмотрения и утверждения бюджетной отчетности. Предмет исследования: рассмотрения отношений, возникающих между участниками бюджетного процесса при составлении, рассмотрении и утверждении бюджетной отчетности. Метод исследования: государственный и местные бюджеты поддерживаются государством по-разному. В результате он контролирует деньги, получаемые государством. Полученные результаты: обеспечить студентов, специализирующихся на юриспруденции, научными концепциями в области финансового права. Рекомендации для науки и практики: студенты, изучающие право, экономику, налогообложение, кредитное регулирование, банковское дело и другие учебные заведения используют в теории и на практике.*

***Ключевые слова:*** *бюджет, сектор, финансы, право, экономика, фонд, классификация, функциональная, ведомство, программа.*

*This article discusses the implementation of budgetary revenues and expenditures, state and municipal debt, procurement, sales, as well as relations arising in the process of regulating state and municipal debt; Relations arising between participants in the budget process in the process of forming and reviewing draft budgets, approving, updating and executing budgets, monitoring their implementation, keeping records, drawing up, reviewing and approving budget statements. Purpose - Relationships arising between the participants in the budget process in the process of forming and considering draft budgets, approving, clarifying and executing budgets, monitoring their execution, keeping records, drawing up, reviewing and approving budget reporting. Research subject - State and local budgets are supported by the state in different ways. As a result, it controls the money received by the state. Research method – State and local budgets are supported by the state in different ways. As a result, he controls the money received by the state. Results obtained - Provide legal students with scientific concepts in the field of financial law. Recommendations for Science and Practice - students studying law, economics, taxation, credit regulation, banking and other educational institutions use in theory and practice.*

***Key words:*** *budget, sector, finance, law, economy, fund, classification, functional, department, program.*

Мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттер Кыргыз Республикасынын каржы системасынын борбордук байламтасы болуп саналат. Бюджеттин аркасы менен мамлекеттик же аймактык-административдик түзүлүштүн акча фондусу куралып, ал жалпыга мааниси бар милдеттерди аткарууну камсыз кылат, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын иштөөсү үчүн каржы негизин түзөт.

Экономикалык категория катары мүнөздөөдө, бюджеттин мааниси анын топтолушу менен колдонулушуна байланыштуу коомдук мамилелерден байкалат. Бул жагынан алганда, бюджет мамлекеттик, аймактык-административдик түзүлүштөрдүн жалпы маселелерин жана тиешелүү бийлик органдарынын өз милдеттерин аткаруусуна арналган экономикалык мамилелердин жыйындысы катары көрүнөт.

Бюджет деген түшүнүктүн юридикалык да мааниси бар. Мында ал укуктук акты катары каралат. Ушул жагынан алганда, бюжет-мамлекеттик жана аймактык-административдик түзүлүштөрдүн борбор-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



лоштурулган акча фондун түзүү, бөлүштүрүү, колдонуу боюнча негизги каржы планы [1, 4-б.].

Бюджеттик классификация деген түшүнүкө токтоло кететурган болсок, бюджеттердин кирешелеринин, операциялык чыгашаларынын, мамлекеттик (муниципалдык) каржылык жана каржылык эмес активдери жана милдеттемелери менен байланышкан бюджеттик түшүүлөрдүн жана чыгашалардын, бюджеттерди түзүү жана аткаруу, бюджеттик отчеттуулукту түзүүнү, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумумун бюджеттеринин көрсөткүчтөрүнүн салыштырмалуулугун камсыз кылуучу тобун, ошондой эле бюджеттик статистиканын формаларын жана аларды эл аралык көрсөткүчтөр менен салыштырууну бир түргө келтирүүнү билдирет.

Бюджеттик классификация мамлекеттик башкаруу сектору үчүн эсептердин бирдиктүү планынын бөлүгү болуп саналат.

Бюджеттик классификация төмөнкүлөргө бөлүнөт:

1) кирешелердин классификациясы;
2) чыгашалардын экономикалык классификациясы;
3) активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясы;
4) функционалдык классификация;
5) ведомстволук классификация;
6) программалык классификация.

Кыргыз Республикасынын бюджеттеринин кирешелеринин классификациясы бюджеттердин кирешелерин топтоо болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын бюджеттеринин кирешелерин түзүүчү булактарын аныктоочу мыйзамдарына жана башка ченемдик-укуктук актыларына негизделет.

Чыгашалардын экономикалык классификациясы мамлекеттик башкаруу секторунда жүзөгө ашырылуучу операциялардын экономикалык мазмунуна жараша бюджеттер чыгашаларынын топтому болуп саналат.

Активдер жана милдеттенмелер менен операциялардын классификациясы активдер жана милдеттенмелер менен байланышкан бардык акча операциялары үчүн коддорду камтыйт. Активдер жана милдеттенмелер менен операциялар тиешелүү кодификациялоосу менен акчалардын түшүүлөрүнө жана акчалай төлөмдөргө бөлүнөт [1, 8-б.].

Функционалдык классификация мамлекеттик башкаруу органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин аткарууга чыгашаларынын классификациясын камсыз кылган алардын иш-милдеттерин классификациялоону сунуштайт.

Ведомстволук классификация бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү (тескөөчүлөрү, алуучулары), бюджет ресурстарынын администраторлору болуп саналган мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана бюджеттик мекемелердин классификациясын билдирет [2, 100-б.].

Программалык классификация конкреттүү натыйжаларга жетишүүгө багытталган экономиканын тиешелүү тармактарында (секторлорунда) бюджеттик программалар менен аныкталган чыгашалардын топтоолорун билдирет.

Бюджеттик классификация Өкмөт тарабынан бекитилет.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттер долбоорлору кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон эки мезгилге түзүлөт.

Кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге республикалык бюджеттин долбоору үч болжолдук жылга фискалдык саясаттын негизги багыттарында каралган параметрлерге, ошондой эле Жогорку Кеңештин бюджеттик резолюциясынын негизги жоболоруна негизденип түзүлөт [3, 12-б.].

Кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге бюджеттик каражаттардын негизги тескөөчүлөрү (тескөөчүлөрү, алуучулары) боюнча бюджет жөнүндө ченемдик-укуктук актынын долбоору менен каралган чыгашалардын ведомстволук жана программалык классификациясы боюнча бюджеттик ассигнованиелердин көлөмдөрүнүн төмөндөшү төмөнкү учурларды кошпогондо, бюджеттерди түзүүнүн мурдагы циклинде каралган тиешелүү жылга көрсөтүчтөрдөн 3 пайызга ашпоого тийиш:

- бюджеттик каражаттардын тиешелүү башкы тескөөчүсүнүн (тескөөчүсүнүн, алуучусунун) уюштуруучулук-функционалдык түзүмүнүн өзгөрүшү жөнүндө чечимдерди кабылуу алууну;
- алардын майнаптуулугуна баа берүүнүн натыйжалары боюнча ал башкы тескөөчү (бюджеттик каражаттарды тескөөчү, алуучу) тарабынан жүзөгө ашырылуучу инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууну токтотуу жөнүндө чечимдерди кабыл алууну;
- көрсөтүлгөн инвестициялык долбоорлор мөөнөтүнөн мурда аяктоону.

Бюджеттин киреше жыйындысынын бюджеттин чыгаша жыйындысынан ашып кетүүсү бюджеттин профицитин түзөт, ал эми бюджеттин чыгаша жыйындысынын бюджеттин киреше жыйындысынан ашып кетүүсү бюджеттин дефицитин түзөт [4, 26-б.].

Республикалык бюджеттин дефицитинин/ профицитинин өлчөмү республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен бекитилет.

Каржылык активдер жана милдеттемелер боюнча операциялар менен байланышкан акча каражаттары, ошондой эле Бирдиктүү казыначылык эсептеги каражаттардын калдыгы бюджеттин дефицитин жабуунун (каржылоонун) булактары болуп саналат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Республикалык жана жергиликтүү бюджеттер тең салмактуулуктун принцибинин негизинде түзүлөт.

Жалпы мамлекеттик кирешелер – чегерүүнүн белгиленген ченемдери боюнча республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүүгө жаткан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында бекитилген бюджеттердин кирешелери.

Жалпы мамлекеттик кирешелерге төмөнкүлөр таандык:

1) киреше салыгы;

2) сатуулардан салык;

3) жер казынасын пайдалануу үчүн салык;

4) ыктыярдуу патенттин негизиндеги салык;

5) милдеттүү патенттин негизиндеги салык;

6) салык алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму боюнча бирдиктүү салык;

6[1]) салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча чекене сатуулардан салык;

7) жер казынасын пайдалануу укугун алуу үчүн жыйым;

8) жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдүрдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр.

Жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн ченеми ар жылдык республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен белгиленет.

Республикалык бюджетке түшүүчү кирешелердин багыттары:

- белгиленген ченемдер боюнча жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөр;
- пайдадан алынуучу салык;
- кошумча нарктан алынуучу салык;
- акциз салыгы;
- Кыргыз Республикасынын бажы мыйзамдарында белгиленген бажы алымдары, жыйымдары жана төлөмдөрү;
- эл аралык макулдашууларды жана келишимдерди ратификациялоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык төлөнүүчү салыктар;
- республикалык бюджеттен берилген бюджеттик насыялар боюнча пайыздар;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары - Улуттук банк) пайдасын бөлүштүрүүдөн которуулар жана мамлекеттик ишканалардын пайдасынан чегерүүлөр;
- байланыш тармактарын өнүктүрүүгө чегерүүлөр;
- мамлекеттик акциялар пакетине кошуп эсептелген дивиденддер;
- мамлекеттик менчикте турган мүлктү ижарага берүүнүн ижара акысы;
- мамлекеттик лотереяларды өткөрүүдөн каражаттар;
- аскердик милдетке байланышкан жыйымдар;
- радиожыштык спектрин пайдаланууга лицензия алуу учун тооруктардын (аукцион, конкурс) натыйжалары боюнча радиожыштык спектрин пайдалануу үчүн номерлөөнүн бөлүнгөн ресурсу үчүн жыйымдар;
- өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнүн жаратылыш объекттерин жана козу карындарды пайдалануу үчүн жыйым;
- суу ресурстарын жана суу объекттерин пайдалангандыгы үчүн жыйым;
- айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн жыйым;
- мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр;
- мамлекеттик каттоо үчүн жыйымдар;
- автомото транспорт каражаттарын каттоо үчүн жыйымдар;
- апостил койгондугу үчүн жыйымдар;
- транспорт каражаттарынын максималдуу өлчөмдөрүн жана башка сызыктык параметрлерин таразага тартуу жана өлчөө үчүн төлөмдөр жана жалпы пайдаланылуучу автомобиль жолдору боюнча атайын жана бөлүнбөгөн жүктөрү менен транспорт каражаттарын өткөргөндүгү үчүн жыйым;
- жалпы пайдаланылуучу автомобиль жолдорундагы жасалма курулмалар боюнча өтүү үчүн жыйымдар;
- жалпы пайдаланылуучу автомобиль жолдору боюнча өтүү үчүн жыйымдар;
- мамлекеттик алымдар;
- патенттик алымдар;
- мамлекеттик соцалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыз кылуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн айыптарды, санкцияларды, компенсацияларды, зыяндын ордун толтуруунун суммаларын кошпогондо, соттун чечими боюнча айыптарды, санкцияларды, компенсацияларды, зыяндын ордун толтуруунун суммаларын кошуп алганда, мамлекеттик органдар, алардын ведомстволук караштуулугундагы мекемелер тарабынан материалдык, административдик жана жазык жоопкерчилиги чараларын колдонуунун натыйжасында алынуучу каражаттар;
- айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруу;
- юридикалык жана жеке жактар тарабынан акысыз жана ыктыярдуу негизде республикалык бюджетке берилүүчү каражаттар;
- Өкмөт тарабынан алынган расмий трансферттер;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка салыктык эмес кирешелер.
- Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин багыттары:
- белгиленген ченемдер боюнча жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөр;
- жер салыгы;
- мүлккө салык;

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



- жергиликтүү бюджеттен берилген бюджеттик насыялар боюнча пайыздар;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын акциялардагы үлүштөрүнө кошуп эсептелинген дивиденддер;
- муниципалдык ишканалардын пайдаларынан чегерүүлөр;
- муниципалдык менчикте турган мүлктү ижарага берүүнүн ижара акысы;
- жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды кармагандыгы үчүн төлөм;
- калктуу конуштардын таштандыларын чыгаруу үчүн жыйым;
- жайыттарды, ошондой эле айыл аймактарынын аймагында жайгашкан мамлекеттик токой фондунун жайыттарын пайдалангандыгы үчүн жыйым;
- муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр;
- автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн төлөм ж.б.

**Жыйынтык.** Илимий макаланын жыйынтыгында бюджеттердин кирешелерин түзүү жана чыгашаларды жүзөгө ашыруу, мамлекеттик жана муниципалдык карызга алууларды жүзөгө ашыруу, мамлекеттик жана муниципалдык карызды жөнгө салуу процессинде келип чыгуучу мамилелерге түшүнүк берүү.

**Адабияттар:**


1. Арабаев Ч. Укук энциклопедиялык окуу куралы - Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004.
2. Гирев В.Н. Финансовое право. / Практикум. - М.: Инфра, 2002.
3. Абдуразаков Х.К., Нарматов Х.Б. Финансовое право. / Учебно-методический материал. - Ош, 2010.
4. Артемов Н.М. Финансовое право. / Учебник. - М.: Юристь- 1996.
5. Химичева Н.И. Финансовое право. / Учебник. - М.: Юристь, 2000.
6. КРнын Бюджеттик кодекси 2016-жылдын 16-майы. - Ош: ЦПУ КУУ, №59.
7. Джакыбалиева Н.А. Правовые основы межбюджетных отношений в Кыргызской Республике. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 3. С. 148-150.